КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
АК-ТУРПАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АК-ТУРПАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Ак-Турпак айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги I-сессиясынын

ТОКТОМУ №3

26-январь 2024-жыл Жаңы-Жер айылы

Ак-Турпак муниципалдык ишканасын
түзүүгө макулдук берүү жөнүндө

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү уюштуруу максатында Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн сунушун карап, талкуулап Ак-Турпак айылдык кеңеши

токтом кылат.

1. Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн алдында Ак-Турпак муниципалдык ишканасын түзүүгө макулдук берилсин.

2. Муниципалдык ишкана түзүү, уставын бекитүү мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы Ак-Турпак айыл өкмөтүнүн башчысы А. Айдаровко тапшырылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы экономика, бюджет жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына милдетендирилсин.

Төрага А. Имаров

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
АК-ТУРПАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛ ОКМОТУ АК-ТУРПАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Б У Й Р УК

29.02 2024-ж № 01-13/38

“Ак-турпак” муниципалдык ишканасын мамлекеттик каттоодон өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 65-беренесине ылайык, “Ак-Турпак” муниципалдык ишканасын түзүү, мамлекеттик каттоодон өткөрүү максатында буйрук кылам:

1. Төмөндөгү фирмалык аталыштагы юридикалык жак түзүлсүн:
   Толук аталышы:
   - Кыргыз тилинде “Ак-Турпак” муниципалдык ишканасы;
   - Орус тилинде муниципальное предприятие “Ак-Турпак”.
   Кыскартылган аталышы:
   - Кыргыз тилинде “Ак-Турпак ” МИ;
   - Орус тилинде МП “Ак-Турпак”.

2. Ишкананын уюштуруучусу: “Ак-Турпак айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси, юридикалык жакты каттоо жөнүндө күбөлүгү “ 2003”-жылдын “08” январь айындагы № 94882-3309-М-е, ИУЖК коду 04507500, ИСН 02810199610225 “Ак-Турпак” айыл өкмөтү мекемесинин юридикалык дареги Кыргыз Республикасы, Баткен облусу, Кадамжай району, Жаңы-Жер айылы Ленин көчөсү № 27
3. “Ак-Турпак” муниципалдык ишканасынын өз алдынча иштелип чыккан уставы бекитилсин.
4. “Ак-Турпак” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Кыргыз Республикасынын жараны Ботобеков Мамарасул Габарович болуп дайындалсын, жашаган жери Кыргыз Республикасы, Баткен облусу, Кадамжай району, Өрүк-Зар айылы Охна-1 көчөсү №11

5. “Ак-Турпак” муниципалдык ишканасынын юридикалык дареги болуп төмөндөгү дарек аныкталсын, Кыргыз Республикасы, Баткен облусу, Кадамжай району, Жаңы-Жер айылы Ленин көчөсү №27
6. “Ак-Турпак” муниципалдык ишканасы тиешелүү юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлсүн.
7. “Ак-Турпак” муниципалдык ишканасы тиешелүү юстиция органдарынан каттоодон өткөрүү жагы ишкананын жетекчиси Ботобеков Мамарасул Габаровичке жүктөлсүн.
8. Ушул буйрукта көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын анык экендиги ырасталат.
9. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

Башчы **А.Н. Айдаров**